**Жеке ишкерлик менен алектенүү боюнча ыктыярдуу патенттин негизинде аракеттенген жеке ишкердин эсептешүү эсебин ачуу үчүн документтердин тизмеси**

1. Эсеп ачууга арыз;
2. Анкета;
3. Жеке ишкерлик менен алектенүү боюнча колдонуудагы патенттин көчүрмөсү/өзгөчө режимдеги соода аймагында салык төлөө колонулгандыгы жөнүндө салык кызматы органынын чечими;
4. Кол тамганын жана мөөрдүн үлгүсү (бар болсо);
5. Кардардын жана/же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн паспортунун көчүрмөсү же мамлекеттик маалыматтык системалардан алынган санариптик форматтагы документ.

**Документтерге карата коюлуучу кошумча талаптар:**

- Кардар Банкка документтердин нотариалдык жактан тастыкталган көчүрмөлөрүн берген учурда Банктын кызматкери документтердин берилген көчүрмөлөрүн түп нуска менен салыштырып текшерип, көчүрмөгө “түп нуска менен салыштырылып текшерилди” жазуусун жазып, датаны, аты-жөнүн, кол тамгасын коюп, көчүрмөлөргө ЖИнин мөөрү басылып, тастыкталышын камсыз кылат (бар болсо). Кардар документтердин нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн берген учурда ушул пунктта көрсөтүлгөн аракеттерди аткаруу талап кылынбайт.
- документтердин нотариалдык жактан тастыкталбаган көчүрмөлөрү ЖИнин мөөрү менен күбөлөндүрүлүшү керек, ЖИнин мөөрү жок болсо, Банктын кызматкери документтин берилген көчүрмөсүн түп нуска менен салыштырып текшерип, көчүрмөгө “түп нуска менен салыштырылып текшерилди” жазуусун жазып, датаны, аты-жөнүн, кол тамгасын коюшу керек.

**Эскертүү:**

*Документтердин бул тизмеси акыркы болуп саналбайт. Банк кардардан бенефициардык менчик ээсин (пайда табуучуну) идентификациялоо үчүн керектүү болгон кошумча документтерди берүүсүн талап кылууга жана тиешелүү документтер берилгенге чейин эсепти ачпоого укуктуу.*

- *паспорт столу тарабынан берилген убактылуу каттоо талону же убактылуу жашай туруу укугу;*

- *аракеттеги визасы бар (B1, B2, W1, W2 категория) чет өлкө жаранынын паспортторунун (чет элдик жана ички паспортторунун) көчүрмөлөрү;*

- *чет өлкө жаранына ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген иштөө укугу.*

*Банк банктык эсепти ачууда ушул пунктта көрсөтүлгөн тизмеге ылайык, документтердин бар экендигин текшерип, тастыктоосу керек, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын маалыматтык системасы аркылуу юридикалык жактын салык каттоосу бар экендигин текшерүүсү керек. Текшерилгендиги тууралуу факт кагаз түрүндө же кардардын электрондук досьесинде тиешелүү түрдө сакталышы керек.*

.

*(Юридикалык жак түзбөстөн ЖИ)*

**<u>Юридикалык жак түзбөстөн жеке ишкерлик менен алектенген, мамлекеттик каттоо жөнүндөгү күбөлүктүн негизинде аракеттенген жарандын эсептешүү эсебин ачуу үчүн берилчү документтердин тизмеси</u>**

1. Кардар тарабынан кол коюлган кагаз жүзүндөгү же электрондук документ форматындагы эсеп ачууга арыз;
2. Анкета;
3. Юридикалык жак түзбөстөн жеке ишкерлик менен алектенген жарандын мамлекеттик каттоодон (кайра каттоодон) өткөндүгү жөнүндө күбөлүк;
4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык лизензиялануугa жаткан ишмердикти жүргүзүү укугуна карата берилген лизензиянын көчүрмөсү (эгерде кардар ишмердиктин лицензиялануучу түрү менен алектенсе);
5. Кол тамганын жана мөөрдүн үлгүсү (бар болсо);
6. Кардардын жана/же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн паспортунун көчүрмөсү же мамлекеттик маалыматтык системалардан алынган санариптик форматтагы документ.

**Документтерге карата коюлуучу кошумча талаптар:**

- Кардар Банкка документтердин нотариалдык жактан тастыкталган көчүрмөлөрүн берген учурда Банктын кызматкери документтердин берилген көчүрмөлөрүн түп нуска менен салыштырып текшерип, көчүрмөгө “түп нуска менен салыштырылып текшерилди” жазуусун жазып, датаны, аты-жөнүн, кол тамгасын коюп, көчүрмөлөргө ЖИнин мөөрү басылып, тастыкталышын камсыз кылат (бар болсо). Кардар документтердин нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн берген учурда ушул пунктта көрсөтүлгөн аракеттерди аткаруу талап кылынбайт.
- Бардык документтердин нотариалдык жактан тастыкталбаган көчүрмөлөрү ЖИнин мөөрү менен күбөлөндүрүлүшү керек, ЖИнин мөөрү жок болсо, Банктын кызматкери документтин берилген көчүрмөсүн түп нуска менен салыштырып текшерип, көчүрмөгө “түп нуска менен салыштырылып текшерилди” жазуусун жазып, датаны, аты-жөнүн, кол тамгасын коюшу керек.

***Эскертүү:***

*Документтердин бул тизмеси акыркы болуп саналбайт. Банк кардардан бенефициардык менчик ээсин (пайда табуучуну) идентификациялоо үчүн керектүү болгон кошумча документтерди берүүсүн талап кылууга жана тиешелүү документтер берилгенге чейин эсепти ачпоого укуктуу.*

*Банк банктык эсепти ачууда ушул пунктта көрсөтүлгөн тизмеге ылайык, документтердин бар экендигин текшерип, тастыктоосу керек, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын маалыматтык системасы аркылуу юридикалык жактын салык каттоосу бар экендигин текшерүүсү керек. Текшерилгендиги*

*тууралуу факт кагаз түрүндө же кардардын электрондук досьесинде тиешелүү түрдө сакталышы керек.*